**ҒТАР 17.17.71**
Илимий макала

**А.Т. Саттарова[1], Г.С. Жумабаева[2]**
*[1, 2]М.М. Адышев атындагы Ош технологиялык университети,*
*Ош шаары, Кыргыз Республикасы.*
*(E-mail: [1]aziza.sattarova.1965@mail.ru, [2]guldanajumabaeva2017@gmail.com)*

## Жүрүм-турумдардын этикалык нормалары – фольклордо

**Аннотация.** Аталган макалада жүрүм-турумдардын этикалык нормаларынын калыптануусундагы фольклордун ролу каралат, андан тышкары авторлор кыргыз жана орус коомунда адеп-ахлактык жана моралдык-этикалык нормаларды калыптандырууда өзгөчө орунда “Манас” сыяктуу баатырдык-эпикалык чыгармалар тураарын баса белгилейт. Фольклор – элдик оозеки чыгармачылыктын бай казынасы катары, коомдогу жүрүм-турумдун этикалык нормаларын калыптандырууда чечүүчү ролду ойнойт. Кылымдар бою жаралган жана муундан муунга оозеки түрдө өтүп келген элдик чыгармалар, адамдардын аң-сезимине таасир этип, алардын дүйнө таанымын, баалуулуктарын калыптандырат. Уламыштар, жомоктор, макал-лакаптар, эпостор аркылуу эл өзүнүн тарыхын, маданиятын, каада-салтын сактап, келечек муунга өткөрүп берет. Фольклордо жакшылык менен жамандыктын, адилеттик менен адилетсиздиктин ортосундагы күрөш ар дайым чагылдырылып, каармандардын үлгүсүндө адамдык бийик сапаттар даңазаланат. Элдик чыгармалардагы каармандардын жүрүм-туруму, сүйлөгөн сөздөрү аркылуу угуучу же окуучу жаштар жакшы менен жаманды айырмалап, туура чечим кабыл алууга үйрөнөт. Ыймандуулук, мекенчилдик, эмгекчилдик, жоомарттык, боорукердик сыяктуу адеп-ахлактык баалуулуктар элдик чыгармалардын негизин түзөт. Мындан тышкары, фольклордо үй-бүлөлүк баалуулуктарга, адамдардын ортосундагы мамилелерге, коомдогу өз ара жардамдашууга өзгөчө көңүл бурулат. Үй-бүлө – коомдун негизги институту катары даңазаланып, ата-энени сыйлоо, балдарды тарбиялоо, жубайлардын ортосундагы сүйүү жана ишеним сыяктуу маселелер көтөрүлөт. Коомдогу ынтымак, биримдик, кайрымдуулук сыяктуу сапаттар элдик чыгармаларда чагылдырылып, адамдарды бири-бирине жардам берүүгө, колдоо көрсөтүүгө үндөп ынтымакка чакырат.
**Ачкыч сөздөр:** жүрүм-турум, этикалык нормалар, фольклор, педагогика, тарбия, поэтика, макал-лакаптар

**DOI: https://doi.org/10.71078/g3w15z44**
Кабыл алынган: 8.11.2025; Макулдалган: 22.12.2025; Онлайн жеткиликтүү: 25.12.2025.

### Киришүү

Фольклор – бул элдин кылымдар бою жараткан оозеки чыгармачылыгынын ажырагыс бөлүгү. Ал өзүнө элдин тарыхын, маданиятын, үрп-адаттарын, каада-салттарын жана дүйнө таанымын камтыйт. Фольклордогу эң маанилүү катмарлардын бири – бул жүрүм-турум этикалары. Анткени, фольклор аркылуу адамдардын ортосундагы мамилелер, коомдогу адеп-ахлактык нормалар жана баалуулуктар чагылдырылат. Жүрүм-турум этикалары – бул инсандын коомдогу өзүн алып жүрүү эрежелеринин жана принциптеринин жыйындысы. Бул эрежелер адамдардын бири-бирине болгон сый мамилесин, адилеттүүлүктү, чынчылдыкты, жоопкерчиликтүүлүктү жана башка асыл сапаттарды камтыйт.

Кыргыз элинин фольклорунда жүрүм-турум этикаларынын бай казынасы сакталып калган. Макал-лакаптар, жомоктор, эпостор, ырлар жана башка оозеки чыгармалар

аркылуу ата-бабаларыбыз жаш муунга үлгүлүү жүрүм-турумдун негиздерин үйрөтүп, аларды адептүү, ыймандуу жана мекенчил кылып тарбиялоого аракет кылышкан. Мисалы, макал-лакаптарда акылмандуулук, эмгекчилдик, меймандостук, улууларды сыйлоо жана кичүүлөргө камкордук көрүү сыяктуу сапаттар даңазаланат. Жомоктордо жакшылык менен жамандыктын ортосундагы күрөш, адилеттиктин салтанаты жана каармандыктын үлгүлөрү көрсөтүлөт. Эпостордо болсо, баатырлардын эрдиги, элге болгон сүйүүсү жана мекенди коргоо идеялары чагылдырылат.

Фольклордогу жүрүм-турум этикаларынын мааниси өтө терең. Алар коомдогу стабилдүүлүктү жана ынтымакты сактоого, муундар аралык байланышты чыңдоого жана улуттук иденттүүлүктү сактоого көмөктөшөт. Ошондуктан, фольклорду изилдөө жана андагы этикалык баалуулуктарды аныктоо – бүгүнкү күндө да актуалдуу маселе. Бул изилдөө кыргыз элинин адеп-ахлактык мурасын сактоого жана өнүктүрүүгө, жаш муунду тарбиялоого жана коомдогу моралдык климатты жакшыртууга өз салымын кошот деген ишеничтебиз. Мындан улам, улуттук нарктарыбызды даңазалоо менен бирге, аларды четке какпай, азыркы жашоо турмушубузга ылайыкташтыруу зарылчылыгы келип чыгат.

**Изилдөөнүн максаты**

Кыргыз фольклорундагы жүрүм-турум этикаларынын негизги принциптерин аныктоо, фольклордук чыгармаларда чагылдырылган адеп-ахлактык нормалардын коомдогу ролун изилдөө. Фольклор аркылуу муундан-муунга өтүп келген жүрүм-турум эрежелерин классификациялоо жана системалаштыруу. Азыркы коомдо фольклордогу этикалык баалуулуктардын актуалдуулугун талдоо.

**Изилдөөнүн методдору**

Тексттик анализ, салыштырма анализ, контексттик анализ

**Жыйынтыктар жана талкуулар**

Фольклор – бул көркөм педагогика. Жаштарды сөздөр менен музыканын жардамы аркылуу эстетикалык жактан тарбиялоо. Балдарды эстетикалык жактан тарбиялоодо өзгөчө мааниге ээ. Бешик ырларынан башталып, андан кийин юмордук ырга айланат. Ал эми бала качан өз алдынча сөз жасаганга даяр болуп калганда – табышмактар, жомоктор ж.б. баланын эстетикалык элестөөсүн өнүктүрөт. Фольклор эстетикалык эле эмес, адеп-ахлактык тарбиянын да маңызын калыптандырат. Жомоктордун, мифтердин, уламыштардын тарбиялык маанисин таанып билүүчүлүктөн ажыратууга болбойт. Бекеринен аларды элдик педагогикалык энциклопедия деп аташпаса керек. Бардык эле адеп-ахлактык тарбия бул жерде жадатма моралдуулук менен эмес, эч мажбурлабастан, өз алдыча түрдө жашайт. Акыл насааттын маңызы бардык жомоктордо камтылган: адамдарда акылдуулук, сезимталдык, эмгекти сүйүүчүлүк, патриоттуулук, эр жүрөктүүлүк бааланып, акыл-эссиздик, жалкоолук, коркоктук ж.б.у.с. мазакталат.

Фольклордук тарбия – бул тилдик байлыктарды, өсүп өнүгүүгө өбөлгө түзөт. Кыргыз фольклорундагы этикеттин салттары С.М. Абразмондун, М. Сулаймановдун, О. Осмоновдун, Х. Карасаевдин, К. Субановдун, Т. Танаевдин ж.б. эмгектеринде кеңири чагылдырылган.

Русистикада аталган аспект Б.М. Савицкийдин, В.Я. Пропптун, А.А. Потебнийдин, Ю. Миролюбовдун, В.А. Маслованын ж.б. изилдөөлөрүндө да каралаган.

Кыргыз жана орус коомунда адеп-ахлактык жана моралдык-этикалык нормаларды калыптандырууда өзгөчө орунда баатырдык-эпикалык чыгармалар турат. Кыргыздын баатырдык «Манас», «Семетей», «Сейтек» эпостору бир эле мезгилге таандык жана бир эле – «Манас» баатырдын айланасына топтолгон бардык кыргыз мифтеринин,

жомокторунун, уламыштарынын энциклопедиялык топтому болуп саналат. Кыргыздардын жашоо образы, үрп-адаттары, каада-салттары, географиясы, диний жана медициналык дүйнө таанымдары, алардын эл аралык карым-катнаштары аталган ири эпопеяда кеңири чагылдырылган. «Манас» баатыр өзүнүн айланасында чачыранды болгон кыргыз урууларын бириктирип, душманды жеңген жана кыргыз жерлерин кайтарып берген, андан тышкары кубаттуу мамлекетти түзүп кыргыз элинин коргоочусу катары берилет. Манастын урпактарга болгон жети осуятында аларды: 1) биригүүгө; 2) башка элдер менен ынтымак-ырашкердикте жашоого; 3) улуттун кадыр-баркын сактоого жана өз жеринин патриоту болууга; 4) эмгектин негизинде татыктуу жашоого; 5) гумандуу, айкөл, чыдамкай болууга; 6) курчап турган чөйрө менен гармонияда жашоого; 7) кыргыз мамлекеттүүлүгүн көздүн карегиндей сактоого жана бекемдөөгө чакырык жасайт.

«Манас» эпикалык трилогиясы элдик музыканы, көркөм кол өнөрчүлүк искусствосу ж.б. сыяктуу эле кыргыз улуттук маданиятынын спецификалык өзгөчөлүктөрүнүн таасын көрүнүшү болуп эсептелет. Белгилүү этнограф, кыргыз таануучу С.М. Абрамзон: «Манас» үчилтиги сыяктуу мындай поэтикалык эстелик башка бир дагы элде жок, бул кыргыз элинин дүйнөлүк маданияттын казынасына кошкон баалуу салымы болуп эсептелет» (Абрамзон, 1990: 87) деп белгилейт.

Орус фольклордук булактарында – уламыштарында мифтик баатырлар (Илья Муромец, Добрынин Никитыч, Алеша Попович) Россияны баскынчылардан бошотушкан орус элинин башын бириктирген образдардан болуп эсептелинет. Аларда дагы биригүүдө, патриотизмге болгон чакырык кеңири орун алган. Ошентип, эпостор кылымдар бою патриоттук тарбиянын мектеби болуп келгендиги тарыхтан маалым.

Кыргыздарда өзгөчө таанымалдуулука насыяттуулук мүнөздөгү ырлар ээ болушкан. Кыргыздардын поэтикалык жөндөмү туурасында көптөгөн окумуштуулар эргүү менен жазышкан. Белгилүү окумуштуу С.М. Абрамзондун «Кыргыздар жана алардын этногенетикалык, тарыхый-маданий байланыштары» аттуу фундаменталдуу эмгегинен бир нече саптарды айта кетсек: «Кыргыз фольклорундагы көрүнүктүү орунда оозеки ыр чыгармачылыгы турат. Бул биринчи кезекте, кыргыздардардын көрүнүктүү поэтикалык жөндөмдүүлүктөрү, алардын төкмөчүлүк жөндөмдүүлүктөрү, поэтикалык образдарда жана ыр түрүндөгү курчап турган жашоонун бардык олуттуу окуяларынын баардытын жүзөгө ашырылуусу менен байланышкан» (Абрамзон, 1990: 65). «Насыят», «Насаат ырлары», «Санат», «Үлгү ырлары» аталыштагы салттуу ыр саптары менен ылары ар бир акындын (*төкмө-акындын,* белгилегенбиз – *А.С.*) репертуарында кездешет. Аларда жакшылык жана жамандык, адамдардын терс жана оң жүрүм-турумдары, алардын кайсыл сапаттарында көбүрөөк бааланары, ал эми кайсылары сындалаары ж.б.у.с. туурасында айтылат. Акындардын үлгү ырларынын кээ бир саптарына кайрылсак:

*Сөз кадырын биле албайт,*
*Өзүнөн акыл чыкпаган.*
*Кеп маанисин биле албайт,*
*Эзелден кудай муштаган...*

*Жакшыга дөөлөт келгенде*
*Бой көтөрбөй пас болот*
*Кылгын иши саз болот.*
*Жаманга дөөлөт келгенде,*
*Көтөрө албай мас болот,*
*Күгүгө жанжал чыгарып,*
*Катыны менен кас болот*
*Пайдалуу иш аз болот* (Балакай, 2007).

*Малы бар деп бирөөнүн*
*Байлыгына суктанба*
*Ачуулу болуп, эр жигит,*
*Аксымдукка бут малба,*
*Көпкөндүккө жеңдирип,*
*Көрүнгөнгө мактанба* (Токтогул, 1989).

Салттуу жанрдагы «санат», «насаат» ырлары бүгүнкү күнү акындык поэзияда да кеңири таралган. Акындар элдик дидактикалык лириканын мотивдерин колдонуп келе жатышат. Орустарда тамашалуу үлгү ырлары «частушка» сыяктуу элдик ыр көркөм чыгармаларда кеңири кездешет. Элдин турмуштук тажрыйбасы, анын даанышмандуулугу көптөгөн макал-лакаптарда таасын көрсөтүлөт. Макал-лакаптар ойломдун, нравалык баалуулуктардын ыкмаларында негизделген татаал жана ийкемдүү логикалуу системалуу процесс камтып турат. Макал-лакаптар образдуу жана так түрдө көп кылымдык болмуштук даанышмандуулукту, элдин социалдык-этикалык идеалдарын жана философиялык көз караштарын өткөрүп беришип, тилдин өнүгүшүндө элдин улуттук, тарыхый, маданий салттары менен байланышкан кайталангыс өзгөчөлүктү, чагылдырып берет деп өзү оюн А.З. Дуйсенова ортого салган (Балакай, 2007: 89). Мисалы, чечендик өнөр кыргыз жана орус тилдеринде оң жактуу деп бааланат: *өнөр алды – кызыл тил (кыргыз макалы), хорошую речь хорошо и слушать, красную речь красно и слушать (орус макалы – белгилеген биз А.С.).*

Эки тилдеги терс жактуулук обу жок сүйлөй берүүчүлүктөн байкалат: Мисалы: *Адам тилинен табат; Язык мой – враг мой; Язык без костей делет*. Тескерисинче, сөздөгү кармануучулук эки тилде тең негизделген оң жактуу деп бааланат, өзгөчө бул жаштардын жүрүм-турумдарына таандык. Кыргыздар, орустар дагы жаштарды көбүрөөк угуп, азыраак сүйлөөгө үндөйт, акылдуу сөздөрдү угууга, бир сөз айтаардан мурун, өкүнүп калбоо үчүн жакшы ойлонууга, кыска, бирок маанилүү сүйлөөгө үйрөтүшөт: Мисалы, *Акылдуунун белгиси – көбүрөөк ойлоп, аз сүйлөйт.* Кыргыздар менен орустардын макал-лакаптары чыдамкайлуулука, кайраттуулука тарбиялайт. Кыргыздар өзүнүн пайда болуусунун бир нече мин жылдар аралыгында (2200 жыл) көптөгөн азаптарды башынан өткөрүшүп, ченеми жок чыдамкайлуулугунун артында өзүлөрүнүн жери үчүн уруулар аралык согуштарда тике турушуп, өзүлөрүн эл катары сактап кала алышкан. Туруктуулук, чыдамкайлуулук кыргыздар менен орустардын пикири боюнча, адамдын мүнөзүнүн оң сапаттары, тескерисинче туруксуздук – эки тилде тең сынга алынуучу терс сапаттардын бири. Чыдамкайлуулук, туруктуулук – адамдын Куран менен Библиядагы бирден-бир эң абдан сыпатталуучу сапаттарынын бири. Кыргыз тилиндеги чыдамкайлуулуктун, туруктуулуктун пайдасы тууралуу макал-лакаптарды айта кетсек: «*Сабырдуу болсон озорсуң, сабырсыз болсон тозорсуң*», «*Сабырдуунун багына алма бүтөт, сабырсыздын башына кайгы бүтөт*», «*Сабырдын түбү сары алтын*»; ал эми орус тилинде: «*Христос терпел, да и нам велел*», «*чес терпеть, а век жить*», «*терпенье и труд все перетрут*» деп айтылат.

Кыргыз, орус элдеринин макал-лакаптарында адамдардын жүрүм-турум этикеттик эрежелеринин ар түрдүү тараптары кеңири чагылдырылган. Мисалы, кыргыз маданиятында саламдашуу сөздөрүнө, адам кандай маанайда учурашат, ал жетиштүү деңгээлде эске алгандыгына өзгөчө көңүл бурулат. Бул жерде саламдашуунун маанисин аныктаган макал-лакаптар кездешет: бир жолу даам таткан жериңе мин жолу салам айт, б.а. качандыр-бир кезде таанышканда, бардык учурда тааныштыкты колдоо керек, бири-бири менен саламдашуу – таануунун биринчи белгиси; базарда 1000 киши болсо да, ар кимиси таанышына салам берет. Эгерде адамдар бири-бири менен тааныш болбосо, анда бири-бирине салам айтышпайт, ошондуктан бул жерде мындай макалды айтып кетсе болот: «*тааныбасты сыйлабас*». Башка элдер сыяктуу эле кыргыздар дагы саламдашууга алик албагандарга карата болгон терс мамилени аталган «*амандык айтса, шүгүр жок, алик*

*албайт»* макалдан көрсөк болот. Саламдашууну тоотпогондук сый-урматтын жоктугу болуп эсептелинет. *Ат менен салам бердирбе* деген макал аттын үстүндө туруп салам бербе деп которулат: мурун көчмөн болгон кыргыз элинин этикети боюнча сөзсүз түрдө аттан түшүп жөө жүргөн адам менен учурашуу керек болгон. Этикеттин нормаларынын бузулуусун төмөнкү кыргыз макалынан көрүүгө болот: *катыны менен урушкан кайнына салам бербейт.* Демек, саламдашуу учурунда жакшы маанайда учурашуу зарыл, ден-соолук, иштер туурасындагы эки жактуу кабар алуу – сый-урматтын, тарбиянын белгиси, ал эми учурашуунун четке кагуу – тарбиясыздыкты жана адепсиздикти айгинелейт.

Орустун макал-лакаптарында дагы саламдашуу баарлашып сүйлөшүүгө, байланышка тон берүүчү сөздөрүнүн мааниси баса белгиленет, мисалы: *не мудрен привет, а сердца покоряет; по привету и собака бежит* (Дуйсенова, 2007: 15).

Фольклор ар бир элдин нравалык баалуулуктарын чагылдырат. Макал-лакаптардын, элдик ырлардын, жомоктордун ж.б.у.с. жардамы менен жаш куракктан баштап эле элдин даанышмандуулуктун казынасына, укуктук, моралдык нормаларга, элдик жашоонун «жазылбаган» мыйзамдарына жакындоого үйрөтүшөт. Кыргыздар – акырындык менен сөздүн учкулдуулугуна таандык болгон бирден-бир сейрек элдерден. Кыргыздын бардык жашоосу сөз же ыр менен байланыштуу. Бала төрөлгөндө – анын энеси бешик ырын ырдаса, ал эми аксакал наристеге өз батасын берет. Баланын балалык жана өспүрүм кезин ата-энелер каардуу рухтардан дубалар менен коргошкон.

Фольклордук тарбия жаштарды улуттук башаттарга эле эмес, жалпы улуттук маданияттарга да жакындатуута багыт берет. Фольклор элдерди жакындатып, жалпы адамзаттык маданий баалуулуктарга жетүүгө өбөлгө түзөт. Фольклордук тексттерди изилдөө улуттук менталдуулукту ачып берүү үчүн зарыл, анткени аларда элдик дүйнө тааным, көз караш чагылдырылат; кичи фольклордук жанрлар (макал-лакаптар ж.б.у.с.) салтуу, туруктуу келип, өзүнө жогорку маданияттын үлгүлөрүн камтып тураары шексиз.

**Корутунду**

Жыйынтыктап айтканда, кыргыз фольклору – элибиздин кылымдар бою топтогон акылмандуулугунун, адеп-ахлактык баалуулуктарынын жана жүрүм-турумдук нормаларынын кенчи болуп саналат. Макал-лакаптардан баштап эпосторго чейинки оозеки чыгармалардын ар биринде адамдык карым-катнаштын, үй-бүлөлүк баалуулуктардын, коомдук адилеттүүлүктүн жана башка этикалык принциптердин үлгүлөрү чагылдырылган.

Биз жүргүзгөн изилдөөнүн натыйжасында, кыргыз фольклорундагы жүрүм-турум этикаларынын негизги принциптери аныкталды. Алар: улууларды сыйлоо, кичүүлөргө камкордук көрүү, чынчылдык, адилеттүүлүк, меймандостук, эмгекчилдик жана башка асыл сапаттар. Бул этикалык нормалар коомдогу ынтымакты, биримдикти жана муундар аралык байланышты чыңдоого көмөктөшөт.

Фольклордук чыгармаларда чагылдырылган адеп-ахлактык нормалардын коомдогу ролу өтө маанилүү. Алар жаш муунду тарбиялоодо, адептүүлүккө үндөөдө жана улуттук иденттүүлүктү сактоодо негизги каражат болуп кызмат кылат. Фольклор аркылуу муундан-муунга өтүп келген жүрүм-турум эрежелеринин классификациясы жана системалаштырылышы, бул баалуулуктарды азыркы коомдо колдонууга жана жайылтууга шарт түзөт.

Азыркы коомдо фольклордогу этикалык баалуулуктардын актуалдуулугу сакталып калууда. Глобалдашуунун жана маданияттар аралашуунун шартында, улуттук баалуулуктарды сактоо жана өркүндөтүү зарылчылыгы келип чыгууда. Фольклордогу этикалык принциптерди жайылтуу, коомдогу моралдык климатты жакшыртууга, жаштарды адептүү жана ыймандуу кылып тарбиялоого жардам берет. Ошентип, фольклордогу жүрүм-турум этикаларын изилдөө – кыргыз элинин адеп-ахлактык

мурасын сактоого жана өнүктүрүүгө, жаш муунду тарбиялоого жана коомдогу моралдык климатты жакшыртууга багытталган маанилүү кадам болуп саналат. Бул изилдөө келечекте фольклорду тереңирээк изилдөөгө жана анын баалуулуктарын кеңири жайылтууга жол ачат деген ишеничтебиз.

## Адабияттар

Абрамзон, С.М. (1990). *Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи.* Фрунзе. Кыргызстан.

Балакай, А.Г. (2007). *Словарь русского речевого этикета: около 6000 этикетных слов и выражений (3-е изд., испр. и доп.).* Москва. Астрель; АСТ; Хранитель.

Дуйсенова, А.З. (2007). *Лингвокультурологические особенности речевого этикета казахского и узбекского языков (на материале формул обращения, приветствия и прощания)* (Автореферат кандидатской диссертации). Алматы.

Субанов, К.Т. (2008). *Эстетическое мышление в творчестве Женижока* (Учебное пособие). Бишкек. ДАМУ.

Токтогул. (1989). *Избранное* (М.А. Рудов, Сост.). Фрунзе. Адабият.

## References

Abramzon, S.M. (1990). *Kyrgyz people and their ethnogenetic and historical-cultural connections.* Frunze. Kyrgyzstan. [In Russian]

Balakay, A.G. (2007). *Dictionary of Russian speech etiquette: Approximately 6,000 etiquette words and expressions* (3rd ed., revised and expanded). Moscow. Astrel; AST; Khranitel. [In Russian]

Duysenova, A.Z. (2007). *Linguocultural features of speech etiquette in the Kazakh and Uzbek languages (Based on forms of address, greetings, and farewells)* (Abstract of the candidate’s thesis). Almaty. [In Russian]

Subanov, K.T. (2008). *Aesthetic thinking in the works of Zhenizhok* (Textbook). Bishkek. DAMU. [In Russian]

Toktogul. (1989). *Selected works* (M.A. Rudov, Comp.). Frunze. Adabiyat. [In Russian]

**А.Т. Саттарова[1], Г.С. Жумабаева[2]**

*[1,2]М.М. Адышев атындағы Ош технологиялық университеті,*

*Ош қ., Қырғыз Республикасы.*

*(E-mail: [1]aziza.sattarova.1965@mail.ru, [2]guldanajumabaeva2017@gmail.com)*

## Фольклордағы жүріс-тұрыс этикалық нормалары

**Аңдатпа.** Аталған мақалада фольклордың жүріс-тұрыс этикалық нормаларын қалыптастырудағы рөлі қарастырылады. Сонымен қатар автор орыс және қырғыз қоғамдарында адамгершілік әрі моральдық-этикалық нормалардың қалыптасуында «Манас» сияқты батырлық-эпикалық шығармалардың айрықша орын алатынын атап өтеді. Фольклор халық ауыз әдебиетінің аса бай қазынасы ретінде қоғамдағы жүріс-тұрыс этикалық нормаларын қалыптастыруда маңызды рөл атқарады. Ғасырлар бойы жасалып, ұрпақтан ұрпаққа ауызша түрде жеткізіліп келген халықтық шығармалар адамдардың санасына ықпал етіп, олардың дүниетанымы мен құндылықтарын қалыптастырады. Аңыздар, ертегілер, мақал-мәтелдер мен жыр-дастандар арқылы халық өз тарихын, мәдениетін және дәстүрін сақтап, болашақ ұрпаққа табыстайды. Фольклорда әрдайым жақсылық пен жамандықтың, әділеттілік пен әділетсіздіктің

күресі бейнеленіп, кейіпкерлер үлгісі арқылы адамгершілік биік қасиеттер дәріптеледі. Халық ертегілеріндегі кейіпкерлердің жүріс-тұрысы мен сөйлеу мәнері арқылы жас тыңдаушылар мен оқушылар жақсы мен жаманды ажыратып, дұрыс шешім қабылдауға үйренеді. Халық шығармашылығының негізін адалдық, отаншылдық, еңбекқорлық, жомарттық пен мейірімділік сияқты моральдық құндылықтар құрайды.

Сонымен бірге фольклорда отбасылық құндылықтарға, адамдар арасындағы қарым-қатынастарға және қоғамдағы өзара көмектесуге ерекше назар аударылады. Отбасы қоғамның іргелі институты ретінде қарастырылып, ата-ананы құрметтеу, балаларды тәрбиелеу, сондай-ақ ерлі-зайыптылар арасындағы сүйіспеншілік пен сенім мәселелері қозғалады. Қоғамдық үйлесім, бірлік пен мейірбандық сияқты қасиеттер халықтық шығармаларда көрініс тауып, адамдарды бір-біріне жәрдемдесуге және қолдау көрсетуге үндейді.

**Түйін сөздер:** жүріс-тұрыс, этикалық нормалар, фольклор, педагогика, тәрбие, поэтика, мақал-мәтелдер

**A.T. Sattarova[1], G.S. Zhumbayeva[2]**
*[1,2]Osh Technical University named after M.M. Adyshev,*
*Osh City, Kyrgyz Republic.*
*(E-mail: [1]aziza.sattarova.1965@mail.ru, [2]guldanajumabaeva2017@gmail.com)*

**Ethical Norms of Behavior in Folklore**

**Abstract.** In this article the role jf folrlore is examined in forming of ethic Codes of conduct, and also an author is marked, that in Russion and kyrgyz societies in forming of moral and mental and ethical and norms has the special place heroic-epic works, as “Manas”. Folklore, as a rich treasury of folk oral tradition, plays a crucial role in shaping ethical norms of behavior in society.

This article examines the role of folklore in shaping ethical norms of behavior. The author also notes that heroic epic works such as «Manas» play a special role in shaping moral and ethical norms in Russian and Kyrgyz societies. Folklore, as a rich treasury of oral folklore, plays a crucial role in shaping ethical norms of behavior in society. Folklore, created over centuries and passed down orally from generation to generation, influences people’s consciousness, shaping their worldview and values. Through legends, fairy tales, proverbs, and bylinas, people preserve their history, culture, and traditions and pass them on to future generations. Folklore always depicts the struggle between good and evil, justice and injustice, extolling high human qualities through the examples of heroes.

Through the behavior and speech of folk tale characters, young listeners and students learn to distinguish between good and evil and make the right decisions. Folklore is based on moral values such as loyalty, patriotism, hard work, generosity, and kindness.

Moreover, folklore places special emphasis on family values, relationships between people, and mutual assistance within society. The family is viewed as a fundamental institution of society, and issues such as respect for parents, raising children, and love and trust between spouses are explored. Qualities such as social harmony, unity, and compassion are reflected in folklore, encouraging people to help and support one another.

**Keywords:** ethic norms, folklore, pedagogics, education, poetics, proverba.

**Авторлор жөнүндө маалымат:**

**Саттарова А.Т.** – педагогика илимдериинин доктору, профессор, М.М. Адышев атындагы Ош технологиялык университети, Ош шаары, Кыргыз Республикасы. ORCID: https://orcid.org/0009-0007-8426-2540

**Жумабаева Г.С.** – окутуучу, М.М. Адышев атындагы Ош технологиялык университети, Ош шаары, Кыргыз Республикасы. ORCID: https://orcid.org/0009-0005-4396-922X

**Авторлар туралы мәлімет:**

**Саттарова А.Т.** – педагогика ғылымдарының докторы, профессор, М.М. Адышев атындағы Ош технологиялық университеті, Ош қаласы, Қырғыз Республикасы. ORCID: https://orcid.org/0009-0007-8426-2540

**Жумабаева Г.С.** – оқытушы, М.М. Адышев атындағы Ош технологиялық университеті, Ош қаласы, Қырғыз Республикасы. ORCID: https://orcid.org/0009-0005-4396-922X

**Information about author:**

**Sattarova A.T.** – Doctor of Pedagogical Sciences, Professor, Osh Technological University named after M.M. Adyshev, Osh, Kyrgyz Republic. ORCID: https://orcid.org/0009-0007-8426-2540

**Zhumbayeva G.S.** – Lecturer, Osh Technological University named after M.M. Adyshev, Osh, Kyrgyz Republic. ORCID: https://orcid.org/0009-0005-4396-922X

Бұл жұмыс Creative Commons Attribution-Коммерциялық Емес 4.0 Халықаралық лицензиясы бойынша лицензияланған.
This work is licensed under Creative Commons Attribution-Noncommercial 4.0 International License